*DOI:10.26104/NNTIK.2022.54.12.045*

*Боронбаев А.Ж., Дуйшаев Э.Т., Пахридинов Ж.М.*

# КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫН ТОЛУКТАГАН ЧЕТ ЭЛДИК МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАРДЫН ТААСИРИ

*Боронбаев А.Ж., Дуйшаев Э.Т., Пахридинов Ж.М.*

# ВЛИЯНИЕ ИНОСТРАННЫХ МУЗЫКАЛЬНЫХ ИНСТРУМЕНТОВ, СОВЕРШАЮЩИХ КУЛЬТУРУ КЫРГЫЗСТАНА

*A. Boronbaev, E. Duishaev, Zh. Pakhridinov*

# INFLUENCE OF FOREIGN MUSICAL INSTRUMENTS, CONCERNING CULTURE OF KYRGYZSTAN

*УДК: 009:781.2*

*Бул эмгекте кыргыз маданиятына дүйнөлүк маданияттын тийгизген таасири баяндалат.Улуу Октябрь революциясынын жеңиши кыргыз маданиятынын феодалдык жашоо образынын тескери жакка карай өзгөрүүсүнө таасирин тийгизди. Караңгы турмушта жашаган эл, сүйлөө эркиндигине, коомдук жашоодо бир нерсеге ээ болууга, күнүмдүк турмушунун өзгөрүүсүнө маани берүүгө акырындап көнүгө баштады. Ар бир жаңы кадам элибизге бак-таалайды, эркиндикти, теңдикти жомоктон – реалдуулукка, мифологиядан – барлыкка өткөрүп берди, акырындык менен кат сабатын жойду. Ошону менен бирге орус маданияты аркылуу, дүйнөлүк маданияттын аспаптык жанрларын тааныштырды. Батыш маданиятына тагдырлашболгон кыргыз маданиятынын билим берүүдөгү сапаттык өзгөчөлүктөрдү немис аккордеону, орустун баяны менен байлап койгонун байкоого болот. Алардын улуттук-фольклордук чыгармачылыктын жолун тороодогу багыты байкаганга маалым, бирок улуттук маданияттын өсүшүн улуттук эмес аспаптарда да жеткирсе боло турган жагдайды жаратууга өбөлгө түзүп берди, деп айтуу чындыкка жакын. Бул аспаптардын басымдуулук кылып калганынбиздин ладдын окшоштугу менен байланыштыруу керек. Кала берсе, музыкалык тилибиздин дал келиши да аны толуктоо иретинде кызмат көрсөтөт. Аккордеон менен баяндын кыргыз музыкасына келиши өтө чоң бурулуш. Анткени, кыргыздын ыр күүлөрүн мажордук жана минордук баскычтарда ажырата билүүдө, аткарууда жана ойноодо даанальыкты берет.*

***Негизги сөздөр:** чыгармачылык байланыш, талант, аккордеон, аткаруучулук, окшоштук, кабылдоо, улуттук генезис, элди-жерди чыгармачылыкта чагылдыруу.*

*В работе описывается влияние мировой культуры на кыргызскую культуру. Победа Великого Октября изменила феодальный уклад кыргызской культуры. Люди, живущие в темноте, постепенно привыкли к свободе слова, к тому, чтобы что-то иметь в общественной жизни, и к тому, чтобы обращать внимание на изменения в своей повседневной жизни. Каждый новый шаг приносил нашему народу счастье и благополучие, создавал свободу и равенство из сказок - от реальности к мифологии - и постепенно отменял грамотность. В то же время через русскую культуру он вводил инструментальные жанры мировой культуры. Видно, что кыргызская культура, предназначенная для западной культуры, связывает качественные особенности образования с немецким аккордеоном и русским баяном. Хорошо известно, что их ориентация на путь национального фольклора наблюдалась, но справедливо сказать, что рост национальной культуры создал среду, которую можно передать даже на ненациональных инструментах. Преобладание этих устройств следует отнести к схожести нашего режима. Более того, гармония нашего музыкального языка также служит его дополнением. Появление аккордеона и повествования в кыргызской музыке – великий поворотный момент. Потому что он дает ясность в умении различать, исполнять и играть кыргызские мелодии мажор и минор.*

***Ключевые слова:** творческая связь, талант, аккордеон, исполнение, сходство, восприятие, национальный генезис, творческое выражение народа и земли.*

*This work describes the impact of world culture on Kyrgyz culture. The victory of the Great October Revolution changed the feudal way of life of Kyrgyz culture. People living in the dark have gradually become accustomed to freedom of speech, to having something in public life, and to paying attention to changes in their daily lives. Every new step has brought happiness and prosperity to our people, created freedom and equality from fairy tales - from reality to mythology - and gradually abolished literacy. At the same time, through Russian culture, he introduced the instrumental genres of world culture.It can be seen that the Kyrgyz culture, which is destined for Western culture, combines the qualitative features of education with the German accordion and the Russian accordion. It is well known that their orientation in the path of national folklore has been observed, but it is true to say that the growth of national culture has created an environment that can be conveyed even on non-national instruments. The predominance of these devices should be attributed to the similarity of our mode. Moreover, the harmony of our musical language also serves as a complement to it. The arrival of accordion and narrative in Kyrgyz music is a great turning point. Because it gives clarity in the ability to distinguish, perform and play Kyrgyz melodies on the major and minor levels.*

***Key words:** creative connection, talent, accordion, performance, similarity, perception, national genesis, creative expression of people and land.*

Кыргыз маданиятынын феодалдык жашоо образынан социалисттик турмуш тиричилигине кадам таштоосу караңгылыкты жакшы жакка карай өзгөрүүсүнө таасирин тийгизди, - деп айтып келебиз. Караңгы турмушта жашаган эл, сүйлөө эркиндигине, коомдук жашоодо бир нерсеге ээ болууга, күнүмдүк турмушунун өзгөрүүсүнө маани берүүгө акырындап көнүгө баштады, - деген чоң ишеним да болгон. Канткен менен ар бир жаңы кадам элибизге бакыт-таалайды, эркиндикти, теңдикти жомоктон – реалдуулукка, ми-

фологиядан – барлыкка салттуулук сыпатында өткөрүп бергени, акырындык менен кат сабаттын жоюлганы чындык. Ошону менен бирге орус маданиятына жуурулуп, тез аралашканыбызга байланыштуу дүйнөлүк маданияттын музыка дүйнөсүнө, көркөм искусство майданына мезгилине жараша сүңгүп кирип, өзүбүздүн улутту дүйнө коомчулугуна аралаштыруу аркылуу маданияттын бөксө жерин толуктай алдык.

Жаңылануунун имманенттүүлүгү эскини түп тамырынан бери жок кылып таштоо эмес, тактап айтканда, өткөндүн турмушун жаңыча жашоого айландыруу болуп эсептелинет. Алсак, маданият аркылуу маданият таанылат деп кароо туура эмес, тескерисинче, ар кандай өндүрүштүн жаралуу чөйрөсүнө сөзсүз маданияттын эпкиндерин кошуп, жамап, калктын өнүгүү процессинде маданий революцияны калыптандырып келишкен. XX кылымдагы социалисттик курулуш менен түптөлө баштаган рухий жаңылануу, агартуу системасы XIX кылымдын экинчи жарым жылдыгынан башталган чалгындоолордун өкүм сүрүүсүнөн, падышачылык россиянын отурукташуусунан башталган. Учурдагы Сүлүктү шаарынын социалдык-маданий турмушу 1868-жылы Россиялык ишкерлердин келиши менен өзгөрүүгө аргасыз болду. Сүлүктүдө көмүр казып алуу боюнча алгачкы иштер башталып, шаардын негизделиши элдин көз карашына таасирин тийгизди. Бул көрүнүш Кызыл-Кыя, Каракол, Ош, Пишпектин элдеринин билим алуусуна, туземдин окууга баруусуна аз болсо да шарт түздү. Ошентип, көмүр казып алууда иш издеген жумушчулар жыйылып отурукташа баштаган. Ал жерде кичине шаарча пайда болгон. Ал эми шаардын жаралышына элдин көп жайгашуусу, базардын, керек-жарак кооперативдеринин жаралышы, ашкана, сейилдөөчү парк жана оюн зооктун чордонунун жаралышы себепкер болот. Ош шаарындагы Т. Сатылганов атындагы сейил паркынын түптөлүшүн 1876-жылдарга таанылдык деп карасак, Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларында орус, татар, өзбек жана кыргыздардын ошол мезгилдеги жаңы маданият менен сугарылганын элестетүүгө болот. Анын жыйынтыгында, 1902-1903-жылы биринчи геологиялык чалгындоонун башталышы аймактагы илимий изилдөө ишаратынын болгондугун тастыктайт. Ал эми 1906-жылы биринчи шахтанын түзүлүшү, 1912-жылы өнөр жайдын түптөлүшү Кыргызстандын аймагындагы сабаттуулуктун башаты катарында турган. 1932-жылы шахта башкармалыгы түзүлүшү менен социалдык-маданий курулуштардын тездик менен өсүүсүнө шарт түздү. 1934-жылы 20-августагы Фрунзе шаарынын жана Кызыл-Кыя, Сүлүктүнүн шаарча статусунун түптөлүшү менен маданият үйлөрүнүн курулушу, алгачкы маданият үйлөрү курулуп, өнөр чыгармачылыгнын иши башталган. 1940-жылдын 19-январында Сүлүктү шаар статусун алгандан баштап, бул аймакта евроцентристтик кыялдар басымдуулук кылып, майрамдык аземдер үйлөмө оркестрдин коштоосунда өтүү салтына айланып калган деп айтууга болот.

Учурдагы Сүлүктү – Кыргызстандагы эң алыс жайгашкан областтык маанидеги шаар. Бул шаарда гуманитардык-экономикалык институт, педагогикалык колледж, кесиптик лицей, 9 орто мектеп, 1 мектеп-интернат, балдар музыкалык мектеби, өспүрүмдөр спорт мектеби, карылар жана майыптар үйү, 6 балдар бакчалары, маданият сарайы, 3 китепкана, балдардын эс алуу лагери, 2 оорукана, 3 ФАП жана башка социалдык-коммуналдык ишканалар бар, - деп массалык-маалымат каражаттарында жазылып жүрөт. Бул жакшы көрүнүш. Ушундай эле көрүнүш Кызыл-Кыя, Караколдо ишке ашырылып келет.

Агартуу доорунун маданияты жалпыга билим берүү мектептеринин көбөйүүсү менен руханий жаңылануунун алгачкы экспликациясын кыймылга киргизе баштады. Коллективдүү советтик социалисттик курулуштун башаты элдердин жумушчу кыймылын, элди бир маданиятта багыт алууга жана жаңыланууну бай, кембагал болуп кагылышбоосуна шарт түзө алды. Анын жыйынтыгы, ар түрдүү үрп-адаттарды, каада-салттарды пайда кылып, көркөм өнөрдүн жаралышына ыңгайлуу жагдайды жаратты. Анткени, ар кандай өзгөрүүнү жараткан жеңиштин жыйындысын бирге жашаган калктын өзөгүн түзгөн улуттардын биримдиги даңазалап, салтка айлантат. Каада-салттардын жаралышы көркөм маданияттын формасынын жаңылануусуна шарт түзөт. Бул айлана чөйрөнүн кыймыл-аракетин көрө билүү, сезүү, угуу жана табияттын мезгилдерине моюн сунуп жашоосу менен туюнтулат. Сабатсыздыкты жоюу, билим алуу, адистикке ээ болуу өңдүү руханий каражаттар инсан парасатынын тез калыптануусуна багытталган. Музыкалык искусстводогуырдоо, ойноо (аткаруучулук), бийлөө жана угуулар, сүрөт искусствосундагы графика, архитектура, адабий чыгармачылыктагы поэзия жана прозалар калыптанууну тез өздөштүрүүдө көмөкчү ролду аткарышат. Демек, биз иликтей турган музыкалык искусствонун объектиси дайын. Андыктан, музыкалык маданият жөнөкөй, примитивдүү болбостон аны хор ырдоо, музыкалык сабаттуулук жана музыкалык аткаруучулук коштоп, бири-биринен ажырымсыз аткаруучулукка ээ болуучу тармак катары каралуусу талап кылынат. «Мектеп ырдаса – элдин баары ырдайт», - деген К.Д. Ушинскийдин сөзү жалпы элдин жаңылануусуна таандык болчуудай [1, 21-б.].

Советтик курулуштун алдына маданий революциянын жетишкендиктерин алдыга жылдыруу максаты турган. Анда агартуу системасынын багытын түптөө, көркөм маданияттынмузыкалык искусство, сүрөт искусствосу сыяктуу адистиктердин мүмкүнчүлүктөрүн жандандыруу өзгөчө орунда турган. Карапайым, жарды, сабатсыз турмушта жашаган эл ага оңой эле

көнө берген эмес. Мезгилдин ыргагы жана социалдык-маданий абалдын тартыштыгы, андагы артүрдүү улуттагы адамдарын бир тилде баарлашуу саясатын жүргүзүп баруусуна кедергисин тийгизген.

XX кылымдагы жаңылануунун башаты болуп – тар мааниде да, кең мааниде да караганыбызда мектепти түшүнүшүбүз керек деп ойлойбуз. Анткени, советтик мектеп сабатсыздыкты жоюуда ар бир улуттун каада-салтын, үрп-адатын, дининин сакталып калуусуна маани берген, маданиятына көңүл бурган. Ал эле эмес «Динди – мектептен, мечитти – мамлекеттен бөлүү» жөнүндөгү 1918-жылдагы социализмдин алгачкы Декретти кабыл алганы маалым. Бул мамиле жалпыга билим берүүчү мектеп реформасын ишке ашырууда көркөм билим берүүчү жана эстетикалык тарбия берүүчү предметтердин: адабият, музыка, сүрөт, этика, эстетиканын өзүнчө орду бар экенин далилдеп берди.

Изилдөөгө алып жаткан музыканын объектиси болуп, кеңири калктын катмарына сиңип, калыптанып калуучу музыка өнөрүнүн туруктуу кармалуучу ордун иштеп чыгуу болуп эсептелинет. Бул маселе советтик мектептерде биринчи класстан сегизинчи класска чейинки музыка сабагынын программасын түзүүдө жана анын системдүү иштөөсүндө эске алынган. Ошондой эле жогорку окуу жайларда адистиктердин ар тараптуу өнүгүүсүндө предмет катары камтуу каралган. Жыйынтыгында, улуттук-профессионалдык музыканын жаралышына шарттар түзүлдү. Ал эми калктын катмарына сиңирүү проблеммасы, андагы музыкалык ишмердиктер толук иштелип чыкпаган сыяктанат.

Музыкалык ишмердик жөнүндө сөз болгондо алгач педагогикалык жана психологиялык адабияттардын анализине таянабыз. Анткени, андан баланын музыканы кабылдоо жөндөмүнүн теориялык жана практикалык аныктамаларын алууга болоору белгилүү. Бирок ал толук тастыкталган далил эмес, тескерисинче, учурдагы көркөм маданияттын көйгөйүн чечүүчү социологиялык жана философиялык изилдөөлөргө да маани берилиши абзел деген ойлор да жок эмес.

Көп улуттуу совет адабиятынын өнүгүүсүндө ВКП(б) БКнын 1932- жыл, 23-апрелиндеги «Көркөм адабият мекемесин кайра куруу жөнүндөгү» токтомунун өзгөчө орду бар. Анткени, көркөм искусство тармактары ушул күнүнөн тартып, профессионалдык искусствонун баардык түрүн камтуу менен жаңы замандын жарчысы болуп калды. Ошонун ичинде элибизге таптакыр белгисиз болгон профессионалдык музыканын, анын ичиндеаспаптык жанрдын башка улуттук аспаптар менен толуктанып, улуттук фольклордон – улуттук симфониялык оркестрге карай багыттар башталды. Көркөм маданияттын жаңыча кабылданышына байланыштуу ар түрдүү фольклордук чыгармалардын жаралышы, өзгөчө жанрдагы салттуу музыкалардын табылгаларына шарт түзүп берди. Жаңы маданияттын түптөлүшүнө, калыптанып өнүгүшүнө элдик музыкалык мурастар чоң роль ойноору маалым.

Күүлөр, обондор, профессионалдык музыканын ар кандай жанырларынын пайдубалы. Алар элдик жамак-жомоктор, баатырдык эпостор, дастандардын сюжеттери, тарыхый окуялардын материалдары, драмалык, опералык, балеттик чыгармалардын либереттолорунун жазылышына негиз болот. Мындай жаңылануну кыргыз комузу, кыягы менен даңазалоосу оор маселе. Андыктан дүйнөлүк маданияттардын биримдиги зарыл.

Кыргыз музыкасы менен театр искусствосунун түптөлүшүнө 1926-жылкы Кыргыз обкомунун саясий агартуу бөлүмүнүн алдындагы шайырлардын театрлаштырылган группасы менен ошол эле жылы ачылган кыргыздын музыкалдуу-драмалык студиясы көмөкчү болгон. Алгачкы профессионал артисттер, композиторлор, сүрөтчүлөрүбүз, драматург, режиссёрлорубуз калыптанышы да ушул күндөрдөн башталат. Ошондогу түрдүү аспаптарды үйрөтүүчү студиялардын негизинде кыргыз, орус драма театрлары, филармония ишмерлери жана ар кандай чыгармачылык коллективдер, байма-бай жаралууга өбөлгө түзүлгөн. Биздин оюубузча ошол мезгилдин искусствосу учурдагы мамлекеттик машинаны даңазалоо ролун аткарган. Анткени, социалисттик өзгөрүштү ишке ашырууда ар бир патриоттук деп айтылган сөзгө маани берилип, кыймылга дем берүүчү «кыйкырыктардын» ордун басуучу, адамдын дилине таасир этүүчү үн экени дайын эле. Аны басым менен белгилеп байкоо кыйын эмес болгон. Ал эми биздин өлкөнүн элине жаңылык тартуулаганы келген улуттардын музыкалык аспаптарынын үнү биздин элдин музыкалык маданиятыбызды кандайдыр бир деңгээлде коштоп берүүсү ошол элдердин калкты колдогондой сыяктанганын байкачуубуз. Музыкадагы үндүн идеологияга айланышы да ушуга себепкер болгон.

Алсак, аккордеон менен баяндын кыргыз музыкасына келиши жаңылануунун өбөлгөсү экени ачык байкалат. Бул аспаптарды колдонуу менен улуттук-профессионалдык маданияттын калыптанышынын бир чети тездикти талап кылган. Батыш маданиятынын кыргыз маданияты менен жуурулуп кетишине бир канча себептер да болот. Балким гензисттик же аймактык, профессионалдык же улуттук карым-катынаштардын сөзсүз таасири болушу чындык.

Адамзаттын жашоо турмушундагы еволюциянын кайсы бөлүгү болбосун үн, кыйкырык, чакырыктар менен коштолгон. Анда аваздык ыргактар жашап, адамды коштоочу негизги курал катары кызмат кылган. Акырындык менен кабылданган имитациялар, үндөр адамдын примитивдүү деп кабылданса да, адам

жашоосунда орчундуу бөлүккө айланып барды. Ооздон чыккан адам кыйкырыгы, ышкырыктар, мезгил алмашуусу менен камыш, дарактын кабыктарынан; жаныбардын териси, мүйүздөрү, ичегилеринен даярдалып, музыкалык искусство дүйнөсүнө айланды. Убакыттын өтүшү менен мифологиялык түшүнүктөр - унутулуп бара жаткан сайын аваздык кайрыктардын эске тутуусу менен кайра колдонулууга алынып, фольклордук чыгармалардын генезисин калыптандырып келет. Ал эми андагы музыкалык чакырыктар – адамдын жан дүйнөсүнө эргүү берип, ар кандай абалдагы жашоо турмушун колдоочу болгон сыяктанат. Музыка адам табиятын эстетикалык чүмбөттөөгө алып, индивиддин эмоциясын жана андагы табыят менен жуурулушун коомдук карым-катынаштын эллегиясы сыпатында руханий байлыктын өзөгү катары чөйрөнү жаңыртып турат. Анын таасири эмоциялык чөйрөгө таасир этет.

Адамдын сезимталдыгы ушунчалык назик, аны сөз менен жеткирүү татаалдыкты жаратаары чындык. Музыка адамдын түрдүү абалдагы сезимин козгоп бере алчуу гамма. Бул аспаптар жөнүндөгү маалымат айтайын. Бул аспап кандайынча жасалган? Фридрих Бушман деген адам 1822-жылы Берлинде, орган жана фортопиано аспаптарынын ундорун куулогуч болуп иштеген. Ошондуктан ал темир тилчелерден ар кандай бийиктиктеги үн чыгаруучу аспап жасап алып, ошол аркылуу орган жана фортопиано аспаптарынын үндөрүн тууралап турууучу. Ал аспапты оозу менен үйлөгөндө, бир калыпта бийиктиктеги үнду берүүчү. Кийин ага кайыштан же териден көөрүк жасап кийгизип үйлөтөт. Негизинен ойунчук сыяктуу аспап пайда болот. Ошол ойунчук 1829-жылы Кирилл Демиян аттуу устаттын колуна тиет. Демиян баласы экөө, ал оюнчук аркылуу аккордеон аспабын жасап, элге сата башташат. Бирок Демияндын аспабынын клавиатурасы топчудай болгон. Ошентип, кол гармониясы туристтер аркылуу Россияга келип түшөт. 1830-жылы Иван Сизов деген уста, ошол оюнчукту сатып алат дагы анын түзүлүшүн көрүп үйрөнүп, Тула шаарынана фабрикадан чыгара баштайт. Мына ошентип, ошол оюнчуктан башталган аспаб улам өсүп жүрүп отуруп, азыркы кездеги баян-аккордеон аспаптарына келип жеткен. Азыркы учурда 120дан ашык мамлекеттер сүйүп ойноп келип жатышат. Бул элдик аспаптар өзүнүн жөнөкөйлүгү, музыкалык тембринин кооздугу, кыргыз элдик аспаптарына айкалышып тургандыгы менен айырмаланат. Кыргыз элинин бир нече аспаптарын, аккордеондун регистрин которуу менен окшоштуруп ойноого дагы жөндөмдү. Андан сырткары олтуруп же болбосо туруп ойноого да жөндөмдү келет. Ошондой эле ырчыга же болбосо хорго, бийге коштоп берүүгө ыңгайлуу. Өзүнчө баян-аккордеончулардын оркестринде же элдик оркестрлерге кошуп ойноого дагы ыңгайлуу. Ал эми алардын аткарган музыкалары, элдик ыр, бийлерден баштап, классикалык чыгармаларга чейин ойноого болот. Жалпы дүйнөнүн элдери сыяктуу кыргыз эли дагы, бул аспаптарга көңүл буруу менен сүйүктүү аспап катары колдонуп келе жатышат. Мисалы, музыкалык мектептерде, музыкалык окуу жайларда, педагогикалык университеттерде, консерваторияда чоң көңүл буруу менен окулуп келе жатат. Мына ошондуктан кыргыз музыкасын баян-аккордеон аспаптарында өстүрүү максатында, ошондой эле кыргыз элинин жаш музыканттарын, келечектерин музыка мугалимдерин музыкалык-эстетикалык тарбиялоодо аккардеон-баян аспаптарынын ролу чоң.

Кыргыз искусствосунда эң биринчилерден болуп темир комузчу, куурчак театрынын демилгечиси, обончу, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Адамкалый Байбатыров гармондо ойногон. 1922-1925-жылдары Адамкалый айыл кыдырып, атактуу кыргыз элинин куудулу Шаршен Термечиков менен бирге жүрүп, өнөрүн элге тартуулайт. Адамкалый менен Муса Баетовтун гармонго болгон сүйүүсү, аткаруучулуктары, чыгармачылыктары кийинки муундагы кыргыз элинин таланттуу жаштарына өз таасирин тийгизген. 1935-жылы Москва фабрикасы, 1936-жылы Ленинграддын фабрикасы «Красный партизан» аттуу аккордеондордун жаңы үлгүлөрүн чыгаргандан кийин, 1942-жылдан кийин Кыргызстанда аккордеон аспабы ойнолуп чоң өзгөрүүлөр пайда болду. Кыргыз мамлекеттик филармониясында элдик таланттар Сексенбай Айманбетов жана Насыр Абдыкеримовдор аккордеонду эң алгачкылардан болуп ойноп чыгышкан. Кийинчерээк аккордеондо сабаттуу ойногондордун бири Мамат Оморов кошулган. 1970-жылы Аскар Тезекбаев аккордеондо ойноп чыккан. 1967-жылдан баштап Б.Бейшаналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институту ачылып, баян-аккордеондон көптөгөн таланнттар тарбиялана баштайт. Буга чейин бул аспаптарды М.Күрөнкеев атындагы музыкалык орто окуу жайында окуп үйрөнүшкөн. 1974-жылы элибизде эң биринчи баян аспабы боюнча Шырдакбек Токтоналиев Москвадагы Гнесин атындагы музыкалык педагогикалык институтун бүтүрүп келген. Анын баян аспабы менен кыргыздын, орустун ж.б. чет өлкөлүк композиторлордун чыгармаларын ойноп элге тартуулаган жана баян аккордеон аспаптары үчүн кыргыздын элдик обон күүлөрүн иштеп чыккан. Улам барган сайын Кыргызстанда таланттуу, билимдүү профессионал музыканттар кошула баштайт. 1978-жылы аккордеон аспабын мыкты ойноп өздөштүргөн кыргыз обон күүлөрүн аккордеон аспабы үчүн иштеп чыккан Орозбек Сатыбалдиев кошулган. Баян-аккордеондун дуэт, трио, квартеттерин жалаң гана педагогдордун арасында эмес, музыкалык мектептердин, музыкалык окуу жайлардын, университеттердин арасында дагы кеңири жайылган. Мисалы: Ысык-Көл

областынын Пржевальск шаарындагы, Ош педагогикалык музыкалык факультетинин баян-аккордеонисттер оркестри, Бишкек шаарындагы М.Күрөнкеев атындагы музыкалык орто окуу жайындагы баянисттер оркестри, Б.Бейшеналиева атындагы искусство институнун оркестри ж.б. Ошентип улам убакыт өткөн сайын баян аккордеон аспаптары кыргыз элинин сүйүктүү аспаптарынын бири болууда.

Кыргызстанга орус баяннист-аккордеонистеринин келиши кыргыз аккордеонистеринин чыгышына чоң жардам берген. Согуштан кийинки мезгилдерде орустун сабаттуу баянистери Кыргызстанга келип кыргыздын уул кыздарына баян-аккордеон аспаптарын окутту. Алар М. Күрөнкеев музыкалык окуу жайында, М. Абдраев атындагы он бир жылдык балдар музыкалык мектепте, Б. Бейшеналиева атындагы искусство институнда, ОшМУда, ошондой эле Кыргызстандын башка шаарларындагы музыкалык окуу жайларга, музыкалык мектептерде баян, аккордеон класстарын ачып, жаштарды билим алууга тарта алышкан. 1960-жылдардан кийин төмөнкү таланттуу мугалимдер В.В. Сурцуков, В.А. Цаюков, Бандаренко, Гавриловдор Б.Бейшеналиева атындагы искусство институтунда А.Л. Логвиненко, К.Куюковдор М.Күрөнкеев атындагы музыкалык орто окуу жайында, С. Чупахин М. Абдыраев атындагы музыкалык мектепте иштөө менен кыргыз жаштарына көмөк көрсөтүшкөн. 1948-жылдан баштап, 1993-жылга чейин баян-аккордеончулардын Бүткүл союздук фествалы жана Эл аралык конкурстары өтө баштаган. Бул иш чараларга дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнөн белгилүү баян-аккордеончулар келип катыша алышкан. 1991-жылы Кыргызстандын Бишкек шаарында Бүткүл союздук фестиваль болуп, анда Кыргызстандын атынан Б. Бейшеналиева атындагы Искусство институтунун В.В. Сурцуков жетектеген баянистер оркестри катышкан. Аккордеончу Орозбек Сатыбалдиев 1-даражадагы диплом менен ал эми Дуйшеев Эркинбек 3-даражадагы диплом менен сыйланган. 1992-жылы 2-даражадагы диплом менен 1993-жылы Орозбек Сатыбалдиев менен Дуйшеев Эркинбек кыргыздын күүлөрүн эки аккордеондо (дует) кол ойнотуп көрүүчүлөрдү таң калтырганбыз. Ал эми менин окутуучулукка келип, кабылып, иштеп калуума да аккордеон аспабынын үлүшү бар. Алсак, 1993-1998 жылдары Ош шаардык №1 балдар музыкалык мектебинде, 1998-жылдан баштап ОшМУнун Искусство факультетинде аккордеон классы боюнча эмгектенип өз алдынча чыйыр жол ачууга мүмкүнчүлүктөр жаралды. Кыргыз музыкасынын өнүгүүсүнө, башкача айтканда ырчыларга аккордеондо ойноп коштоп берүүчүлөр, өзүн өзү коштоп ырдоочулар жана обончулардын кошкон салымы дагы өтө зор. Булардын башында М. Баетов, С. Айманбетов, М. Оморов, Н. Абдыкеримов, Ж. Осмоналиев, Т. Итугулов жана башкалар, обончулар 1960-ж. кийин Р.Абдыкадыров, К.Тагаев, А. Атабаев, М. Рыскулов, Т. Казаков, Ж. Алыбаев, Ж. Мамажанов. Т. Эшбаев, А. Керимбаев, Б. Тургунбаев, Э. Талипов жана башка көпөгөн обончулар кыргыз музыкасына өз салымдарын кошо алышты. Мындан сырткары өздүк-көркөм чыгармачылыктарда ырчыларга, бийчилерге аккордеон менен коштоо иретинде колдонулуп келүүдө. Мындан ары деле немец аккордеону, орус баяны кыргыз маданиятынан түшпөйт деген тилек менен макалабыздын багытын байлай туралы.

**Адабияттар:**


1. Алагушов Б. Койгелдиева Т., Турдумамбетова Ш. Кыргыз музыкасынын тарыхынан. / Педагогика институтунун музыка факультеттериндеги студенттер үчүн окуу китеби. - Фрунзе, 1986.
2. Аманбаев А., Давлесов. Музыкалыксабат. - Фрунзе, 1986.
3. Боркеев Б. Жаш обончулардын чыгармачылыгы туралуу айрым ойлор. - Ала-Тоо, 1975.
4. Виноградов В. «Киргизская народная музыка», Кирг.гос издательство. Фрунзе - 1958,- 133-б.
5. Дүйшалиев К. Кыргыз эл музыкасы: Окуу китеби. - Б.: «Шам», 2007. - 400-б.
6. Иметов Б. Сендейди биз кайдан гана табабыз... Рыспай Абдыкадыров жөнүндө эскерүүлөр жана макалалар жыйнагы. - Ош, 2003.
7. Кабалевский Д.Б. «Как рассказывать детям о музыке». - М.: Просвещение, 1989. - 4 с.
8. Казаков Т. Ал бүтүндөй бир доор болду. Кыргызстан маданияты.
9. Замирбек кызы А., Мадмуратова З.Г. Кыргыз эл педагогикасындагы адеп-ахлак түшүнүгүнө болгон көз караштар / Мадмуратова З.Г. / Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2021. - №3. - С. 199-202. http://science-journal.kg/ru/journal/2/2021/3/
10. Мадмуратова З.Г. «Манас» эпосу аркылуу жаштарды гумандуулукка тарбиялоо / Мадмуратова З.Г. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2016. - №8. - Часть 1. - С. 199-202. http://www.science-journal.kg/ru/journal/1/2020/12/